DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 2, 2020

*Эрдолатов Ч.С., Калбаев Б.А.*

# УЮШУЛГАН ОПУЗАЛАП АЛУУ ЖӨНҮНДӨ КЫЛМЫШ ИШТЕРИ БОЮНЧА ЖАБЫРЛАНУУЧУНУН ЖАНА КҮБӨНҮН СУРАКТАЛУУСУНУН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

*Эрдолатов Ч.С., Калбаев Б.А.*

# ОСОБЕННОСТИ ДОПРОСА ПОТЕРПЕВШИХ И СВИДЕТЕЛЕЙ ПО УГОЛОВНЫМ ДЕЛАМ ОБ ОРГАНИЗОВАННОМ ВЫМОГАТЕЛЬСТВЕ

*Ch.S. Erdolatov, B.A. Kalbaev*

# FEATURES OF INQUIRY OF VICTIMS AND OF CRIMINAL CASES ON ORGANIZED REMEDY

*УДК: 343.144/985.7.3*

*Макала уюшулган опузалап алуу жөнүндө кылмыш иштери боюнча жабырлануучунун жана күбөнүн сурагалуусунун өзгөчөлүктөрүн ачып чыгууга багытталган. Жазык процесси менен каралган тергөө аракеттеринин бир катарынын ичинен сурак кылмыштардын жалпы, анын ичинде уюшулган опузалап алууну тергелүүсүндө чон мааниге ээ болгон жайылган жана татаал процессуалдык аракеттердин бири болуп санала тургандыгы автор тарабынан баса белгиленген. Колдо болгон материалдын жүргүзүлгөн талдоосунун негизинде автор уюшкандыкта опузалап талап тоноо кыйын ачылуучу кылмыштардын катарына кирерин басымдайт, себеби кылмышка байланыштуу көбүнчө учурда күбө жок болуп, ал эми тергөөдө далил берчү жабырлануучунун көрсөтмөлөрү болуп чыгат. Автор тарабынан сурак жүргүзүүдө жана далилдерди алууда мааниге ээ болгон бир катар тыянактар жана сунуштар жасалды, алар: күбөлөрдөн жана жабырлануучулардан алынган тергөөчүлүк маалыматтар толук, ишенимдүү жана мүмкүндүгү болушу керек; көрсөтмөлөр жана маалыматтар бири-бири менен шайкештелип, салыштырылып, башка тергөө версияларынын чыгарууга колдонулушу керек.*

***Негизги сөздөр:*** *суракка алуу, жабырлануучу, күбө, опуза талап, уюмдашкан топ, кылмыш иши, иликтөө, мыйзамдар, күбөнүн көрсөтмөлөрү.*

*Статья посвящена особенности проведения допроса потерпевших и свидетелей по уголовным делам об организованном вымогательстве. Отмечается, что среди следственных действий допрос является одним из распространенных и сложных процессуальных действий, которое имеет важное значение при расследовании преступлений в целом и организованного вымогательства в частности. На основе проведенного анализа имеющегося материала, автор делает вывод о том, что организованное вымогательство является трудно раскрываемым в связи с тем, что зачастую отсутствуют очевидцы преступления, а порою единственным доказательством при расследовании выступает показания потерпевшего. Автором делается ряд выводов и предложений, которые имеют значение при проведении допроса и получении доказательств, это: полученная следствием информация, должна быть полной, достоверной и допустимой; полученные данные должны сопоставляться, сравниваться и использоваться для выдвижения следственных версий.*

***Ключевые слова:*** *допрос, потерпевший, свидетель, вымогательство, организованная группа, уголовное дело, расследование, законодательство, показания свидетеля.*

*The article is devoted to the peculiarities of interrogation of victims and witnesses in criminal cases about organized extortion. It is noted that among investigative actions, interrogation is one of the common and complex procedural actions, which is important in the investigation of crimes in general and organized extortion in particular. Based on the analysis of the available material, the author concludes that organized extortion is difficult to disclose due to the fact that there are often no eyewitnesses to the crime, and sometimes the only evidence in the investigation is the testimony of the victim. The author draws a number of conclusions and suggestions that are relevant during the interrogation and obtaining evidence, these are: the information obtained by the investigation must be complete, reliable and valid; the data obtained should be compared, compared and used to put forward investigative versions.*

***Key words:*** *interrogation, victim, witness, extortion, organized group, criminal case, investigation, legislation, witness testimony.*

Мындай көз караштын туура болгондугун белгилеп кетүү зарыл: «...коомдун саясий стабилсиздиктин шарттарында демократиялашуу процесси рынокко, кабыл алынган мыйзамчыгаруучулук жана ченемдик актылардын системасыздыгына жана карама каршы келгендигине, алар бардык чөйрөлөрдөгү, анын ичинде уюшулган формаларында, кылмыштуулук менен

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



күрөшүүнүн уюшулуусунун деңгээлинин төмөндөөсүнө алып келген коомдук мамилелердин катышуучуларынын укуктарынын жана милдеттеринин балансынын жоктугун өтүүнүн укуктук жөнгө салынуусунда артта калууга алып келди» [1, 118-122-бб.].

Бул учурда албетте мындай пикирди белгилеп кетүү маанилүү: «...бардык кылмыштык аракеттерди тергөөнүн ийгилиги маанилүү даражада ыйгарымдуу тергөө аракеттеринин органдары менен өткөрүлүп жаткан иш чаралардан көз каранды болуп, аны менен кылмыштардын жагдайларын изилдөөнүн объективдүүлүгү жана иштин жыйынтыгына келүүсү камсыздалат. Окумуштуулардын бир катар тобу менен бул институтка аз эмес көңүл бөлүнгөндүгүнө карабастан алардын анын мазмуну жана маңызы боюнча фундаменталдык жоболор чагылдырып, алардын ичинен өзүнүн чечилүүсүн талап кылган кээ бир суроолор бүгүнкү күнгө чейин жөнгө салынбай калган бойдон калууда. Бул анын алкагында актуалдуулукка ээ болуп, бүгүнкү мезгилдеги бир катар кылмыштардын маанилүү коомдук кооптуулугу уюшулган түзүмдөрдүн жасаган кол салууларынын санынын өсүүсүн жана ошондой эле түрдүү кылмыштык топтордун биригүү тенденциясын тастыктайт» [2, 243-248-бб.].

Жазык процесси менен каралган тергөө аракеттеринин бир катарынын ичинен сурак кылмыштардын тергелүүсүндө мааниге ээ болгон жайылган жана татаал процессуалдык аракеттердин бири болуп саналат. Суракка илимий эмгектердин басымдуу бөлүгү арналгандыгы бекеринен эмес [3, 28-б.].

Анткени процессуалдык планда көптөгөн жалпылык жабырлануучунун жана күбөнүн сурагында ээ болуп эсептелет жана бул аларды биргеликте кароого негиз түзөт.

Татаал ачыкталгандардын негизги себептердин бири катары опузалап алуу, эреже катары, кылмыштын күбөлөрүнүн жоктугу эсептелет. Көп учурда кылмыш иштерин тергөөдө түздөн түз жалгыз далил катары жабырлануучунун көрсөтмөлөрү эсептелет, башкача айтканда басымдуу учурларда тергөө органдары ээ болгон жасалган опузалап алуу фактысы тууралуу баштапкы маалымат жабырлануучунун көрсөтмөлөрүнөн алынган [4, 27-б.].

А.В. Сачко көрсөткөндөй, уюшулган опузалап алуу иштери боюнча жабырлануучунун сурактaлуусунун өзгөчөлүгү болуп анын кылмышкер менен жетиштүү түрдө узак жана тыгыз жеке контактында болуусу эсептелип, анын жүрүүсүндө жабырлануучу опузалап алуучунун сырткы белгилерин, жүрүм турумдарынын жана сүйлөшүү манерасынын өзгөчөлүктөрүн, кылмышкерлердин санын, алардын аракеттеринин уюшулгандыгын жана макулдашылгандыгын, атын жана башкаларды эстөө мүмкүнчүлүгүнө ээ болот. Көп учурда опузалап алуучулар жабырлануучулар менен бир нече жолу жолугушат жана бул акыркыларга аларды жакшы эстеп калууга мүмкүнчүлүк жаратат. Жабырлануучулардын көпчүлүгү туруктуу негизде белгилүү территорияда ишкердик же башка ишмердүүлүк менен алек болуп (мисалы, рынокто соода кылуу), ошол райондо опузалап алуу менен иш жүргүзгөн адамдар тууралуу маалыматка ээ, жана алардын инсандыгы, тааныштарынын тобу, милиция кызматкерлери жана ишкананын (рыноктун, дүкөндүн жана башканын) администрациясы менен болгон өз ара мамилелер тууралуу маалыматтарды билдире алат [5, 137-138-бб.].

Опузалап алуунун жогорку латенттүүлүгү опузалап алуунун кошо катышуучуларынын коркунучу жана укук коргоо органдарынын опузалап алуу менен натыйжалуу күрөшүү мүмкүнчүлүгүндөгү ишенбегендик менен түшүндүрүлөт [6, 16-23-бб.].

Башка маанилүү себеп болуп жабырлануучунун өзүнүн виктимдик жүрүм туруму эсептелип (мисалы, мыйзамсыз жол менен акча каражаттарын алуу), өзүнүн жабырлануучусунун кошо катышуучуларын тандоого таасирин тийгизип, бул себеп боюнча жабырлануучу милиция органдарына кайрылуудан коркот.

Ал эми объективдик мыйзам ченемдүүлүктөр боюнча алардын ролу чоң эмес жана опузалап алуу боюнча иштердеги жабырлануучунун көрсөтмөлөрүн түзүүдө маңыздуу маани дал ошол субъективдик мыйзам ченемдүүлүктөргө таандык.

Ошондой эле жабырлануучуга опузалап алууну жасаганда опузалап алуучулар алгач жабырлануучуну булгаган маалыматтарды ачыкка чыгаруу коркунучунан баштап, саламаттыгына оор зыян тийгизүү коркунучу, анын ичинде өлүм коркунучун жабырлануучуга жана анын жакындарына колдонуу түрүндөгү түрдүү мүнөздөгү коркунучтарды колдонууну колдонушат.

Көрсөтүлгөн жабырлануучунун психикасын бузат, анын кадыр баркын кемсинтет, кээ бир учурларда билген маалыматын жокко чыгарууга же айтылбай калуусуна чейин алып келип, бул жабырлануучуга, эреже катары, жана башка кызыктар болгон адамдарга таасирдөөгө аракетин көрөт.

Ошондуктан, жабырлануучуга колдонулган суроолордун жана тактикалык приемдорунун тобун тандоодо жана аныктоодо анын эмоционалдык психикалык абалын, тергөө абалы менен орун алган тергөө

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



өндүрүшүнө болгон мамилесин эске алуу зарыл (мисалы, опузалап алуунун кошо катышуучулары кармалганбы же жок). Бирок ошону менен биргеликте жабырлануучунун суракталуусунун планын иштеп чыгууда көп учурда башынан өткөргөн кооптуулук көбөйтүлгөндүгү эске алуу максатка ылайыктуу, ошондуктан бул мезгилдеги жабырлануучунун аракеттери болгон окуяларды кабыл алууга эмес, кол салуудан сактанууга багытталат [7, 9-15-бб.].

Аны тергөө органдары андан кийинки жабырлануучунун көрсөтмөлөрүн баалоодо эске алуу зарыл. Бул талап маанилүү болуп кылмыш ишиндега жалгын жабырлануучунун жалгыз далили болгондо эсептелет жана алар күбөнүн көрсөтмөлөрү менен текшерилүүсү мүмкүн.

Тергөөчү сурак жүргүзүүдө опузалап алуунун кошо катышуучулары тарабынан болгон коркунуч сезүү болгон жагымсыз таасирдөөнү жабырлануучунун укуктук тартип органдарына кайрылган моментинен тартып коопсуздукта алардын корголуусу боюнча чаралардын кабыл алынгандыгына байланыштуу болгондугу тууралуу ынандыруу жолу менен азайтуусу мүмкүн.

Жабырлануучуга же анын жакындарына уюшулган кылмыштык топтор менен опузалап алуу жасалган учурда физикалык зомбулук колдонулат. Адамдардын бул категорисына мындай зомбулукту колдонуунун негизги максаты болуп жабырлануучунун опузалап алуунун кошо катышуучуларына белгилүү аракетттерди жасатуу боюнча каалоосу түзөт. Эреже катары, мындай кол салуулар жабырлануучуну уурдоо, же анын үй бүлө мүчөлөрүн уурдо жана акча алуу максатында мыйзамсыз кармоо менен байланышкан.

Мындай аракеттер коркутуп, жабырлануучунун эркин сындырып, укук коргоо органдарына кайрылууда баш тартууга багытталган.

Жабырлануучу сезген стресс жана ооруулар анын инсандык психикалык багыттары деформацияга жеңил дуушар боло баштайт. Анын натыйжасында, жабырлануучу мажбур түрүндө опузалап алуунун кошо катышуучулар менен кызматташууга барат. Аталган механизмдин негизинде опузалап алуучуларга «акча» берүүнүн кеңири жайылган системасын курат.

А.А. Ляхненконун мындай көз карашы туура болуп саналат: «...физикалык зомбулук колдонулган адамдар укук коргоо органдары менен кызматташтыкка көп жакын болбойт, көрсөтмө берүүдөн көп учурда баш тартат; мындай жабырлануучулар опузалап алуучулар тарабынан мындай коркунуч көрсөтүлгөндөн кийин көрсөтмөлөрүн өзгөртүүгө, ага чейин берген көрсөтмөлөрүн жалган деп айтууга жөндөмдүү. Тергөөчү жогоруда аталган опузалап алуунун жабырлануучуларынын өзгөчөлүгүн эске алуусу зарыл жана жабырлануучуларды кызыктар болгон адамдардын таасирдөөсүнөн чектеп, жана ошондой эле жабырлануучунун биринчи суракта берген көрсөтмөлөрүн кененирээк каттоого негиз жаратат» [8, 117-б.].

Жабырлануучунун суракталуусунун этаптары жана стадиялары жана аларды жалпысынан жалгандыгын аныктоо тууралуу маалымата жогоруда аталган булактарда жетиштүү түрдө камтылып кеткен. Жабырлануучуну сурактоодо анын анкеттик маалыматтары жана төмөнкүлөр аныкталат:

- социалдык демграфиялык маалыматтар, үй-бүлөсүнүн курамы;
- жашоо жайы, эмгек ишмердүүлүгү боюнча жабырлануучунун жана анын үй-бүлө мүчөлөрүнүн байланыштары жана өз ара мамилелери, шектүү, анын ичинде криминалдык байланыштардын бар болуусу, жеке жашоодогу туруксуздук;
- жабырлануучунун же анын жакындарынын спирт ичимдиктерине, же баңги каражаттарына болгон жакындыгы;
- жабырлануучунун жашоосунда орун алган криминалдыкка чейин окуялар – маңыздуу утуш же мурас, премиалдык, дивиденддерди алуу, ири пайдалуу келишимдерге ээ болуу;
- белгилүү адамдарга опузалап алуунун жабырлануучуларынын шектелүүсүнүн бар болуусу;
- уюшулган кылмыштык топтордун мүчөлөрүнүн биреөнүн мүлкүн, же ага болгон укуктарды, же мүлктүк мүнөздөгү башка аракеттерди жасоону берүүнүн көрсөткөн убактысы жана орду, талаптарды коюунун формасы;
- жабырлануучуга качан жана ким тарабынан мыйзамсыз талаптар коюлган жана зомбулук, мүлктү жок кылуу же бузуу, анын же анын жакын адамдарынын укуктарына жана мыйзамдуу кызыкчылыктарына маңыздуу зыян тийгизе турган кемсинткен жана башка маалыматтарды таратуу менен коркунуч колдонулганбы;
- жабырлануучуга зомбулук колдонулганбы, эгерде колдонулса, анда кандай формада орун алган, кандай кесепеттер болгон, жабырлануучу дарылануу мекемелерине, кайсынысына кайрылганбы;
- ага чейин жабырлануучу кылмышкерлер менен тааныш болгонбу, мындай жолугушуулар кандай жагдайларда өткөн, анын мыйзамсыз талаптарын буга чейин аткарганбы, эгерде аткарса, анда кандай талаптарын, кимге, кайсыл жерде, качан жана канча жолу

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



болгон;

- жабырлануучу көрсөткөн опузалап алуунун кошо катышуучулары менен болуп өткөн жолугушууларынын күбөсү болуп ким боло алат;
- жабырлануучунун опузалап алуучунун алдында кандайдыр бир мүлктүк жана башка мүнөздөгү милдеттери болгонбу;
- жабырлануучунан опузалап алуучулар эмнени талап кылды, алардын аракеттери бир жолу же системалык мүнөзгө ээ болдубу;
- опузалап алуунун кошо катышуучуларына буга чейин кандай мүлк жана укуктар берилген, кайсыл убакытта, жайда жана шарттарда беирилген, жана жабырлануучунан талап кылынган мүлктүн баштапкы баасы кандай болгон;
- жалпысынан уурдалган мүлктүн мүнөздөмөсү;
- жабырлануучуга таандык болгон уурдалган мүлктү таңгактоо жана башка жайга жылдыруу үчүн опузалап алууну кошо катышуучулары эмнени колдонушту;
- опузалап алуучулардын жабырлануучу менен болгон байланышынын жолу, алар куралданганбы, эгерде куралдуу болсо, анда кандай курал менен;
- опузалап алуунун кошо катышуучуларынын саны, алардын ар биринин ролу кандай, бул процессти ким жетектеген, алардын ар биринин аракеттеринин формалары жана мазмуну;
- опузалап алуунун кошо катышуучулары автотранспорт колдондубу;
- опузалап алуучулардын анатомиялык жана функционалдык белгилери (сүйлөөсүнүн өзгөчөлүктөрү, акцент жана башкалар);
- кылмышкерлер тууралуу так маалыматтар, аларды жабырлануучу ага чейин көргөнбү;
- жабырлануучунун жеке жашоосу тууралуу, анын үй-бүлөлүк, материалдык, жана ошондой эле кызматтык абалы тууралуу опузалап алуучулардын маалымдалгандыгын даражасы, жабырлануучунун оюу боюнча кандай булактардан уюшулган кылмыштык топтун мүчөлөрү мындай маалыматка ээ болду;
- опузалап алууга кошо катышуучулардын өз ара сүйлөшүүлөрүнүн мазмуну (аттарды, атоолорду колдонуу);
- жабырлануучунун оюу боюнча кийимде жана кол салуу жайында кандай издер калуусу мүмкүн.

Албетте, уюшулган кылмыштык топтор тарабынан жасалган опузалап алууну тергөөдө жабырлануучунун инсандыгы тууралуу зарыл болгон маалыматтарды чогултуу, алардын талдануусу жана алардын баалануусу маңыздуу болуп эсептелет. Анын максатка ылайыктуулугу алынган маалыматтын конфликттик абалдын өнүгүүсүнө жол бербөө, жалган көрсөтмөлөрдүн берилүүсүн жок кылуу, маанилүү маалыматты жашыруу, опузалап алуунун кошо катышуучуларынын аракеттерин туура квалификациялоо үчүн ишке ашуу жолун аныктоодо [6, 16-23-бб.; 7, 9-15-бб.].

Тергөөчү жабырлануучунун инсандагынын өзгөчөлүгүн аныктоону, алардын аракеттеринин манерасын, билдирилген маалыматтын өзгөчөлүгүн эске алуу менен жабырлануучунун инсандыгы тууралуу маалыматтын кошумча чогулуусун жана кайтадан сурактоо жүргүзүүнүн максатка ылайыктуулугу тууралуу тыянакка келүүсү мүмкүн.

Жабырлануучуга физикалык зомбулук колдонуу учурунда анын күбөлөндүрүүсүн өткөрүү зарыл [7, 9-15-бб.]. Ошол эле учурда КР ЖПКнын 188-беренесине ылайык жабырлануучуга анын телефондук жана башка сүйлөшүүлөрүн көзөмөлгө жана жазууга алуу тууралуу арызын жазууну сунуштоо.

Жасалган опузалап алуунун күбөлөрүн аныктоо тергөөчүлүк маселелердин маанилүүлөрүнүн бири болуп саналат.

А.А. Ляхненко мындай деп жазат: «биринчиден орун алган окуянын ордун жана убактысын, опузалап алуучулардын аракеттеринин өзгөчөлүгүн аныктоо зарыл. Алынган маалыматтардын талдануусунан тергөөчү опузалап алуунун жасалуу жайына түздөн түз жакын болгон жерде көрсөтүлгөн убакытта ким болуусу мүмкүн экендиги, жана ошондой эле кылмыштын жасалуусун ким байкай ала тургандыгы тууралуу суроолорго жооп берүүсү милдеттүү. Буларга багытталган иш чараларды өткөрүү зарыл: көрсөтүлгөн райондо туруктуу болгон, кызматы боюнча же башка себептер боюнча болгон адамдарды аныктоо жана сурамжылоо; кварталдар боюнча жүрүү, жашоочуларды (кошуналарды) сурамжылоо; көрсөтүлгөн убакытта жакын жайгашкан ишканаларда, мекемелерде, уюмдарда иштеген адамдарды аныктоо жана сурамжылоо; ММК аркылуу калкка кайрылуу» [8, 152-б.].

**Күбөлөрдү сурактоо** убагында төмөнкүлөр аныкталат жана катталат:

- демографиялык маалымат, опузалап алуунун жасалуусунун убактысы жана орду, жана ошондой эле күбө каяктан жана конкретно эмнени байкаган;
- опузалап алууну жасаган адамдардын санын жүргүзүү;
- шектелүүчүнүн анатомиялык жана функционалдык белгилери жана өзгөчө белгилери, опузалап

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



алуучулардын аракеттеринин өзгөчөлүктөрү;

- күбө опузалап алуучуларынын сүйлөшүүлөрүн уктубу, эгерде укса, алардын мазмуну кандай, ат, атоолор аталдыбы анда;
- конкреттүү шектелүүчү тууралуу маалыматтын бар болуусу жана ага ал таанышпы;
- кылмышкерлер каяктан келди жана кайсыл багытта кылмыш жасагандан кийин кетишти;
- кылмыштын божомол менен жасалган убактысында ага жакын жайда кандайдыр бир автотранспортту күбө байкаган жокпу, ага кандай жагдайлар шектүү болуп эсептелди;
- жабырлануучу жана анын жакын айланасындагылар менен өз ара мамилелер.

Жабырлануучулар менен күбөлөрдүн сурагы боюнча жыйынтык чыгарууда таанууга кийин бериле турган объектилерди кабыл алуу жагдайларын аныктоо маанилүү.

Адамдардын бул категориясынын тергөөгө катышуусунан келечектеги өзүн өзү жок кылуусун болтурбоо максатында төмөнкү суроолорго жооп алуу керек:

- кандай жагдаларда биринчи жолу ал адам тергөөнү кызыктырган объектини байкады;
- канча жолу ошол объектини ал адам менен биргеликте байкады;
- кандай шарттарда байкоо жүргөн;
- физиологиялык абалы, анын ичинде байкоочунун көрүүсүн жана угуусун, анын эс тутумунун белгиларинин абалы;
- байкалган объектинин мүнөздүү белгилери, индивидуалдык өзгөчөлүктөр, алардын келечектеги окшоштору менен сүрөттөө мүмкүнчүлүгү.

Көп учурда күбөлөрдү жана жабырлануучуларды сурактоодо полиграфтын колдонулуусунун максатка ылайыктуулугун тууралуу суроо пайда болот. Биз ошону менен биргеликте мындай иштер менен макул болбой кое албайбыз: «...полиграфта сурак жүргүзүүдөгү адептик аспектинин маңызы жарандардын негизги конституциялык укуктарын, анын ичинде жеке кол тийбестикке болгон укуктарын бузууга жол бербөөдө. Кыргыз Республикасынын Конституциясы адамдын кадыр баркынынын жана жеке жашоосунун, жана ошондой эле жеке жана үй-бүлөлүк сырдын кол тийбестигин жарыялайт. Жеке макулдугу жок эч ким илимий, медициналык же башка изилдөөлөргө дуушар боло албайт. Биздин учурда, бул жобо полиграфка жазуу түрүндөгү макулдугун бекитет. Изилдөөнүн жыйынтыгынан көз каранды изилденип жаткан адам полиграфтын жыйынтыгы тууралуу маалыматты ачыктоого макулдук берүүгө милдеттүү» [9, 20-24-бб.].

Ошентип, күбөлөрдүн жана жабырлануучулардын суракталуу программасынын сунушталган мазмуну ачыкталууга дуушар болгон суроолордун кеңири тобун тастыктайт. Анын жүрүшүндө суракталган адамдардын психологиялык абалынын фонунда уюшулган мүнөзгө ээ болгон опузалап алууну жасоонун көрсөтүлгөн өзгөчөлүктөрүн эске алуу талап кылынат. Ошону менен биргеликте, төмөнкү позицияларга көңүл бөлүүнү негиздүү деп эсептейбиз: *биринчиден,* күбөлөрдү жана жабырлануучуларды сурактоонун жүрүшүндө алынган тергөөчүлүк маалымат мындай үч позиция менен бааланууусу зарыл: толуктук, ишенимдүүлүк жана мүмкүндүк; *экинчиден,* жабырлануучулардын жана күбөлөрдүн берген көрсөтмөлөрү, кийинчерээк шектелүүчүнүн жана айыпталуучунун маалыматтары бири менен шайкештелип, кылмыш ишинин башка жагдайлары жана материалдары менен салыштырылып, тергөө версияларынын чыгарууга колдонулат; *үчүнчүдөн,* опузалап алуунун белгисиз кошо катышуучуларынын инсандыгынын белгилери боюнча издөө белгилери түзүлүп, алардын изделүүсү үчүн максатка ылайыктуу иш жүргүзүү үчүн зарыл болгон субъективдик портрет түзүлөт. Опузалап алуунун сериялык мүнөзү тууралуу версияларды текшерүү жана анын негизинде жабырлануучунун инсандыгы тууралуу криминалистикалык маанилүү белгилер уюшулгун кылмыштык конкреттүү топтун окшош кол салууларынын убакыттын ошол мезгилинде латенттин мүнөзгө ээ болгон башка аналогиялык жабырлануучуларын издөөгө негиз боло алат.

**Адабияттар:**


1. Исаева К.А., Келдибекова А.Б. К вопросу о правовом регулировании борьбы с организованной преступностью в Кыргызской Республике // «Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана» журналы. - Бишкек, 2017. - №10. - 118-122-бб. [Эл. ресурс]. - Кирүү режими: https://www.elibrary.ru/download/elibrary_32308091_16363503.pdf
2. Isaeva K.A., Abdukarimova N.E., Balymov E., Smoilov S. Prospects of Development of Institute of Investigative Actions at the Present Stage in Kazakhstan and Kyrgyzstan // The Social Sciences (Pakistan). - 2015. - T.10. - №3. - 243-248-бб. [Эл. ресурс]. - Кирүү режими: https://www.elibrary.ru/item.asp?id=27843348//http://docsdrive.com/pdfs/medwelljournals/sscience/2015/243-248.pdf
3. Исаева К.А. Тактические особенности допроса женщин-подозреваемых и обвиняемых: автореф. дис. ... канд. юрид. наук: 12.00.09. - Москва, 1995. - 28 б.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557




4. Абдукаримова Н.Э. Уголовно-правовая и криминалистическая характеристика наркопреступлений, совершенных организованными преступными группами: автореф. дисс. канд. юр. наук: 12.00.08, 12.00.09. - Бишкек, 2011. - 27 б.
5. Скачко А.В. Особенности методики расследования вымогательств, совершенных организованными группами (По материалам Южного федерального округа Российской Федерации): Дис. ... канд. юр. наук: 12.00.09. - Краснодар, 2004. - 236 б.
6. Абдукаримова Н.Э., Эрдолатов Ч.С., Токторов А.Э., Алиев А.Т. К вопросу о структурном построении организованной преступности // «Полицейская и следственная деятельность» журналы. 2018. - №2. - 16-23-бб. [Эл. ресурс]. - Кирүү режими: https://www.elibrary.ru/item.asp ?id=36296743
7. Исаева К.А., Абдукаримова Н.Э., Воронцова И.Н. К вопросу об отдельных тенденциях и реформирования уголовно-процессуального законодательства в странах СНГ // Полицейская и следственная деятельность» журналы. 2018. - №2. - 9-15-бб. [Эл. ресурс]. - Кирүү режими: https://www.nbpublish.com/library_read_article.php?id =26774
8. Ляхненко А.А. Проблемы преодоления противодействия в ходе расследования вымогательства, совершенного организованными преступными группами: дисс. ... канд. юр. наук: 12.00.09. - Краснодар, 2005. - 247 б.
9. Исаева К.А. Отдельные проблемы использования полиграфа. / Вестник Кыргызско-Российского славянского университета. 2013. - Т.13. - №1. - 20-24-бб. [Эл. ресурс]. - Кирүү режими: https://www.elibrary.ru/download/elibrary_20798822_61441781.pdf